**Ак-Тилек орто мектебинин «Коопсуз мектеп» иш чарасынын 2019-2020-жылдагы анализи.**

2019-2020-жылга карата Ак-Тилек орто мектебинде «Коопсуз мектеп» боюнча план түзүлдү. Сентябрь айында 8-11-класстардын кыздары жана энелери менен «Зомбулуктун түрлөрү», «Сексуалдык зомбулук» тууралуу кыздар менен аңгемелешүү болду. «Зомбулукка жол жок» атуу дубал газеталар чыгарылды. «Коопсуз мектеп» иш чаралары боюнча класс жетекчилерге тренинг өткөрүлдү.

«Коопсуз мектеп» «Зордук зомбулук деген эмне?», «Зордук зомбулуксуз жашоо», «Зомбулуксуз үй бүлө», «Менин укуктарым жана милдеттерим» аттуу класстык сааттар өтүлдү. 6-11-класстарга «Үй бүлөдөгү зомбулук» аттуу тегерек стол өткөрүлдү. 2-11-класстарга сүрөт көргөзмөсү уюштурулуп, дилбаян жаздырылды. «Окуучулар тынчтыкты каалашат» аттуу 5-8-класстар арасында КВН таймаш сабагы болду. 5-11- класстарга «Тамеки, насвай өмүргө зыян» деген темада слайд көрсөтүлүп, маалымат берилди.

**Ак-Тилек орто мектебинин «Коопсуз мектеп» иш чарасынын**

**2020-2021-жылдагы анализи.**

2020-2021-жылга карата Ак-Тилек орто мектебинде «Коопсуз мектеп» боюнча план түзүлдү. «Коопсуз мектеп» атуу дубал газеталар чыгарылды. 8-11-класстардын кыздары жана энелери менен «Сексуалдык зордук зомбулук жана турмуш чындыгы» жөнүндө аңгемелешүү жүргүзүлдү. 1-11-класстар арасында «Туура тамактануу узак жашоого өбөлгө» жана 1-4-класстарга «Жугуштуу оорудан сак бол!» деген темада класстык сааттар өтүлдү. 7-11-класстарда «Зомбулуксуз дүйнө», ал эми 6-11-класстар арасында «Тамеки, насвай өмүргө зыян» аттуу тегерек стол өтүлдү. Жыл ичи окуучулардын ата-энелери менен аңгемелешүү жүргүзүлүп, маалымат берилди.

**Ак-Тилек орто мектебинин «Коопсуз мектеп» иш чарасынын 2021-2022-жылдагы анализи.**

2021-2022-жылга карата Ак-Тилек орто мектебинде «Коопсуз мектеп» боюнча план түзүлдү. Сентябрь айында 1-4-класстарга чейин «Самын менен дос бол!» аттуу класстык сааттар өтүлдү. «Зомбулуктун түрлөрү», «Зордук зомбулук жана турмуш чындыгы» деген темада балдар жана кыздар менен аңгемелешүү болду. Декабрь айында 1-4-класстарга «Физикалык активдүүлүк» жана февраль айында «Табигый кырсыктардан сактаналы» деген темада класстык сааттар өтүлдү. Жыл бою мектеп администрациясы, класс жетекчилер окуучулардын ата-энелери менен байланышып, аңгемелешүү жүрүп жатты. Январь айында 7-11-класстарга «Туура тамактануу- узак жашоого өбөлгө» тегерек стол өтүлүп, ал эми февраль айында 8-11-класстарга чейин «Терроризмден сактаналы» деген темада диспут сабагы өтүлдү. Март айында 9-11-класстар арасында «Өзүңүздү жугуштуу эмес оорулардан сактаңыз», ал эми апрель айында 1-11-класстарга чейин «Жолдо жүрүүнүн эрежелеринен сактануу» деген темада класстык сааттар өтүлдү.